

6

## 92 жашта да операция жасаган хирург

*Мамбет Мамакеев лапароскопия (ич көңдөй-дөгү бир канча илдеттерди диагностикалоо үчүн киндиктин тешигинен 4-12 мм тереңдик-ке курсакка киргизүү процедурасы) хирургу.*



10

## Күчтүн символу: Аялдын эмгеги

*Чач тарач, шопур, дарыгер жана башка кесиптердин ээлери болгон айымдар үй-бүлөлүк бюджетине салым кошуш үчүн ар бир багытта иш алып барып келишет. “*



12

## Сейрек кездешкен, бирок эмгек акысы көп кесип

*Биз бүгүн окурмандарыбызга баяндап бере турган кесип менен көбүнесе жапондор жана кореялыктар алектенишет. Бул кесиптин өзү да Ыраакы Чыгышта пайда болгон.*

ГЕЗИТИ
# Манас

КЫРГЫЗ-ТҮРК "МАНАС" УНИВЕРСИТЕТИНИН СТУДЕНТТИК ПРАКТИКАЛЫК ГЕЗИТИ ДЕКАБРЬ 2019 / САНЫ: 75 www.manas.edu.kg



# Семинар: «Билим берүү жана жаңы технологиялар»

*Үстүбүздөгү жылдын 31-октябрында «Билим берүү жана жаңы технологиялар» деген аталышта семинар болуп өттү.*

Жаздын кабарчысы: Айгүл гүлү 08

11 Кумурска кармоочулар

# Семинар: «Билим берүү жана жаңы технологиялар»



КАБАР: MEDIAMANAS
FOTO: ӨМЕР КУФРЕВИ

**Үстүбүздөгү жылдын 31-октябрында «Билим берүү жана жаңы технологиялар» деген аталышта семинар болуп өттү.**



Аталган илимий иш-чара ДААД жана Ерасмус алмашуу программаларынын уюштуруусу менен Германиянын Дрезден техникалык университети, Лейпциг чакан бизнести колдоо жана билим берүү программасынын институту, И.Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университети жана Кыргыз-Түрк «Манас» университети менен биргеликте 28-октябрь - 1-ноябрь күндөрү И.Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинде өткөрүлдү. Конференцияга Индоннезия, Шри-Ланка, Таджикистан, Өзбекстан, Кыргызстан жана башка ондон ашык өлкөдөн 70ге жакын катышуучу катышты.

Конференциянын бешинчи күнү тажрыйба алмашуу максатында КТМУда өтүп, анда инженердик факультетинин компьютердик инженерия бөлүмүнүн окутуучусу, доц.м.а Рита Исмаилова жана Германиянын Дрезден техникалык университетинин тамак-аш кафедрасынын башчысы, докт. Жамийла Сманалиева баяндама жасап, иш тажрыйбалары менен бөлүштү.

Бул эл аралык илимий конференция 2 багытта: биринчиси - педагогика багытындагы докторанттар, ал эми экинчи бөлүгү магистратура программасынын студенттери үчүн «Тамак-аш багытындагы адистерди даярдоодогу проблемалар, педагогика багытындагы маселелерди талкуугa коюу» деген темада өтүп, кесиптик жактан адистикке даярдоо, илимий изилдөөлөрдү жүргүзүү, билим берүүнүн эффективдүү колдонуу жана тажрыйба алмашуу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуу деген маселелердин тегерегинде талкуулар жүрдү деп билдирди Германиянын Дрезден техникалык университетинде тамак-аш кафедрасынын башчысы, докт. Жамийла Сманалиева.

## Дүйнөлүк чемпионатта жеңүүчү аталды



КАБАР: MEDIAMANAS

2019-жылдын 14-19-ноябрь күндөрү Польшада кыз-келиндер арасында өткөн күрөш боюнча Дүйнө чемпионатында университеттин Дене тарбия жана спорт жогорку мектебинин 1-курсунун студенти Анарбекова Айжан 3-орунду багындырып, эл аралык таймашта жеңүүчү аталды.

# Ататүрктүн айтканы келди




КАБАР: MEDIAMANAS
FOTO: ӨМЕР КҮФРЕВИ

**2019-жылдын 11-ноябрында КТМУда Түркия Республикасынын негиздөөчүсү Мустафа Кемал Ататүрктүн дүйнөдөн кайтышынын 81 жылдыгына арналган эскерүү жыйыны болуп өттү.**





Иш -чара эртең менен Бишкектеги «Ататүрк» атындагы эс алуу паркында Мустафа Кемал Ататүрктүн эстелигинин астына гүл коюу менен башталган.

Жыйынга окуу жайыбыздын жетекчилиги, Түркиянын Кыргызстандагы элчилигинин өкүлдөрү, окуу жайдын жалпы жамааты, студенттер жана медиа өкүлдөрү катышты.

Жыйын эки өлкөнүн улуттук гимндери жана Ататүрктүн жаркын элесине бир мүнөттүк таазим кылуу менен башталды.

Иш-чарада Ататүрктүн экономика, саясат, Борбор Азия тууралуу ойлору жана анын ишмердүүлүгү тууралуу баяндамалар окулду.

Иш-чаранын ачылыш сөзүндө университеттин ректору, профессор Себахаттин Балжы Ататүрктүн бейнесине жана түрк дүйнөсүнүн келечегине токтолуп, "Манас" университетинин түрк дүйнөсүндөгү орду чоң экендигин баса белгиледи:

"1934-35-жылдары Түркиянын улуу лидери Мустафа Кемаль Ататүрк Орто Азия элдери жөнүндө өз мезгилинде минтип айтканы бар: «Орто Азия элдери биздин боордоштор, мезгил келет, алар эркиндикке жетишкенде биз жардам беришибиз парз. Биз буга даяр болушубуз керек». Анын көрөгөчтүгү ушунда экен эки өлкө ортосунда Кыргыз-Түрк "Манас" университети түзүлүп, бүгүнкү күнү ал максаттуу долбоордун жемишин бирге көрүп жатабыз. Андыктан "Манас" университетинин курулушу Ататүрктүн айтып кеткен керээздеринин бири десек жаңылышпайбыз. 25 жыл ынтымак-ырашкерликтин ичинде биз түрк дүйнөсүнүн келечеги болгон жаштарга татыктуу билим берип, үлгү көрсөтүп келе жатабыз. Мындан ары да Ататүрктүн айткандарын эсибизден чыгарбай жалпы түрк дүйнөсүнүн жаркын келечеги үчүн тынымсыз кызмат кыла бермекчибиз", - деп айтты.

Окуу жайдын биринчи проректору, профессор Асылбек Кулмырзаев өз сөзүндө Мустафа Кемал Ататүрк мыкты сапаттары менен түрк элинин тарыхында аты алтын тамагалар менен жазылып калганын баса белгиледи:

«Мустафа Кемал Ататүрк XX кылымдын эң улуу инсаны катары таанылганы белгилүү. Чынында да Ататүрк ошондой улуу лидер болгон. Ал өзүнүн 57 жылдык өмүрүндө Түрк Республикасынын Президенти катары өлкөнүн коомдук-саясий, социалдык-экономикалык маданий турмушунун өзгөрүшү үчүн зор иштерди жасаган. Түркия мамлекетинин түзүлүшүнүн түптөлүшүндө анын эмгеги опол тоодой. Бүгүн 96 жылдык тарыхы бар Түркия Республикасы өнүккөн 20 өлкөнүн катарын толуктап, экономикасы боюнча дүйнөдө 13-орунда турат. Ошондой эле анын демилгесинин арты менен түрк тилдүү өлкөлөрдүн башын бириктирген ТҮРКСОЙ, ТҮРКПА, Түрк Кеңеши сыяктуу уюмдар да түзүлдү. Биз анын айткан накыл сөздөрүн эсибезден чыгарбай, ынтымактуу жана бирдиктүү бололу», - деди.

Ачылыш сөздөрүнөн кийин иш-чара пленардык жыйын менен улантылып, ага гуманитардык факультетинин чыгыш тилдер бөлүмүнүн профессору Замира Дербишева модератордук кылды. Анда доц.м.а Жунус Ганиев «Ата Түрктүн экономикалык көз карашы жана Измир экономикалык конгресси» жана доц.м.а. Тезжан Абасыз «Эгемендик жана экономика» деген темада баяндама жасашты.

# Коммуникация факультетинде жаны окуу жылы салтанаттуу ачылды



КАБАР: MEDIAMANAS
FOTO: ӨМЕР КҮФРЕВИ

**Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин коммуникация факультетинде 2019-2020-окуу жылынын ачылыш аземи болуп өттү.**

Иш-чара 2019-жылдын 6-ноябрында факультеттин кино залында өтүп, ага университеттин ректору, профессор Себахаттин Балжы, биринчи проректор, профессор Асылбек Кулмырзаев, окутуучулар жана студенттер катышты.

Эки өлкөнүн мамлекеттик гимндеринин жаңырышы менен башталган иш-чарада коммуникация факультетинин таанытуу тасмасы көрсөтүлдү.

Алгач коммуникация факультетинин деканы Хамза Чакыр сөз сүйлөп, медианын коомдогу демократия жана экономиканын өнүгүүсүнө кошкон салымы чоң экендигин белгиледи: «Азыркы массалык байланыш аркылуу маалыматтардын ыкчам тарап жаткан доорунда ийгиликке жетиш үчүн бир гана маалыматты кабыл алуу менен чектелбестен, аны башкарганды жана таанытканды билишибиз керек. Канчалык көп күч жумшасаңар, медиада ошончолук алдыда болосуңар. Ошонну менен бирге ар кандай маалыматка ээ болуу менен эл менен иштешкенди жана технологиянын да тилин билишиңер керек. Факультетте бардык шарттар түзүлгөн, андыктан окуу жылдарыңарды текке кетирбей, туура пайдалана билгиле", - деп, иш-чараны ачып берди.

Ал эми университеттин ректору, профессор Себахаттин Балжы кыргыз элинин улуу жазуучусу Ч. Айтматов: "Адамга эң кыйыны күн сайын адам болуу",- деп айткандай, бул жашоодо адамга биринчи кезекте эле адам болуу маанилүү. Адамдык касиетиңерди жогорулатып, татыктуу инсан болгула. Түрк дүйнөсүнүн келечеги - үй-бүлөсүн, мамлекетин жана эли-журтун сүйгөн патриот жаштардын колунда. Манастын бүтүрүүчүлөрү алар окууну аяктагандан кийин дагы жылуу мамилесин жоготпой, Түрк тилдүү мамлекеттердин ынтымагын жана биримдигин бекемдеп жүрүшү керек.

Медиа чөйрөсүндө билим алган студенттер диплом алуу менен эле чектелбестен, ар тараптан өнүгүп, баарынан маалым болуп туруулары керек. Кесиптик жашоого ишенимдүү кадам таштап, келечекке болгон жолуңар кене болсун », - деп окуу жылынын ийгиликтүү болушун каалады.

Ошондой эле биринчи проректор, профессор Асылбек Кулмырзаев өз сөзүндө коммуникация факультетинин студенттери үчүн мүмкүнчүлүктөр жогору экенин баса белгилеп, студенттерди ар тараптан билимдүү болууга чакырды.

Андан кийин радио-телевидение жана кино бөлүмүнүн ага окутуучусу Артыкбай Сүйүндүков «Кыргызстан жана Түркиянын телевидениеси» деген темада лекция окуду.

Иш-чара студенттердин коммуникация факультетинин бүтүрүүчүлөрү менен баарлашуусу жана факультетинин бөлүм башчылары менен таанышуусу менен жыйынтыкталды.






# Профессор А.Мокеевге арналган илимий макалалар жыйнагы чыкты



КАБАР: MEDIAMANAS
FOTO: ӨМЕР КУФРЕВИ

**Үстүбүздөгү жылдын 14-ноябрында тарыхчы, чыгыш таануучу, тарых илимдеринин доктору, профессор Анварбек Мокеевдин 70 жылдык юбилейине арналган «Кыргыз тарыхынын актуалдуу маселелери: өтмүшү, азыркысы жана келечеги» аттуу китептин бет ачарына багытталган илимий жыйын болуп өттү.**




Жыйында профессор Анварбек Мокеевдин коомдук ишмердиги жана илимдеги орду, инсандык касиеттери ж.б. жөнүндө кеңири сөз болду.

Жыйындын ачылышында профессор Анварбек Мокеев эки шакиртинин демилгеси менен анын макалалар жыйнагынын басылып чыкканы тууралуу айтып, ыраазычылыгын билдирди. «Эр жигитке жетимиш өнөр аздык кылат» дегендей элчиликти да аркалаган профессор Анварбек Мокеев өзүн окумуштуу катары эсептей тургандыгын жана алдыга койгон иш пландары көп экендигин билдирди.

Окуу жайдын ректору Себахаттин Балжы куттуктоо сөзүндө профессор Анварбек Мокеевдин илимдеги орду жана кесибинин мыкты адиси экенине жогору баа берип, юбилярды 70 жылдык мааракеси менен куттуктап, чың ден соолук, узун өмүр жана ишине ийгилик каалады.

Ал эми университеттин биринчи проректору, профессор Асылбек Кулмырзаев профессор Анвар Мокеевдин "Манас" университетине кошкон салымын жана ал кишиден көп нерсе үйрөнгөнүн айтып, 70 жылдык юбилейи менен кызуу куттуктады.

Андан кийин тарых илимдеринин доктору, профессор Жээнбек Алымбаев профессор Анварбек Мокеевдин илимдеги орду боюнча "Кыргызстан тарыхнаамасындагы т.и.д., профессор Анварбек Мокеевдин орду" деген аталышта баяндама жасады.

Ошондой эле т.и.д., КР УИАсынын Б.Жамгырчинов атындагы тарых, археология жана этнология институтунун директору профессор Абылабек Асанканов, т.и.к., Ж. Баласагын атындагы КУУнун тарых жана чөлкөм таануу факультетинин деканы профессор Аскар Беделбаев, т.и.к., профессор К.Карасаев атындагы Бишкек Гуманитардык университеттин чыгыштаануу факультетинин деканы Таласбек Машрапов, Кыргыз Республикасынын Президентинин алдындагы башкаруу академиясынын окутуучусу, т.и.д., профессор Айдарбек Көчкүнов, Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин тарых бөлүмүнүн окутуучусу, т.и.к., доцент Муратбек Кожобеков, "Полис Азия" аналитикалык борбордун жетекчиси Эльмира Ногойбаева, Ыргал Момбекова жана башка кесиптештери куттуктоо сөздөрүн айтышып, юбилярга чың ден соолук, узун өмүр, ишине ийгилик каалашты.



# 92 жашта да операция жасаган хирург



*Мамбет Мамакеев лапароскопия (ич көңдөйдөгү бир канча илдеттерди диагностикалоо үчүн киндиктин тешигинен 4-12 мм тереңдикке курсакка киргизүү процедурасы) хирургу. Ал учурда 92 жашта болгонуна карабай, жаш хирургдардын башында туруп, бир күндө 8 саат операция жасайт. Аты алыска кеткен М.Мамакеев 69 жылдан бери тынымсыз эмгектенип келе жатат. Ал азыркы күнгө чейин 30 миң адамга ийгиликтүү операция жасаган.*

М. Мамакеев 1927-жылдын 1-октябрында Кыргызстандын Ысык-Көл облусуна караштуу Ак-Суу районунун Кереге-Таш айылында жарык дүйнөгө келген. Мамакеевдин атасы совет мезгилинде колхоздо иштеген, ал эми апасы үйдө балдардын тарбиясы менен алек болгон.

**"Экинчи дүйнөлүк согуш жашообузду өзгөрттү"**

Экинчи дүйнөлүк согушка күбө болгон хирург М. Мамакеев атасынын фронтко кетиши менен жашоосунда чоң өзгөрүүлөрдүн болгонун айтат. М. Мамакеев атасы согушка кеткенден кийин 17 кишиден турган үй-бүлөөсүн багуу үчүн мектептен кийин фермада иштеген. Ошол мезгилдеги катаал кыйынчылыктардан улам, М. Мамакеевдин билим алуусу үзгүлтүккө учураган. Бирок кийинчерээк мектептин директору Касымбай Токоевдин сунушу менен кайра окуусун улантат. Белгилүү дарыгердин өзү бул учурду мындайча эскерет: "Бир күнү сабактан кийин Советтер Союзунун аскердик бөлүгүнөн жогорку даражалуу командир айылыбызга келип, Медициналык институтту мактап айтып берди. Сүйлөп бүткөндөн кийин бул институтта "Ким билим алгысы келет?" деп суроо узатты. Мен алдыңкы катарга чыга калып мен окугум келет деп жооп бердим". Анткени ал командир сүйлөп жаткан-да, айылыбыздын акыбалы тууралуу ойлонуп отургам. Айылдын эли кеселдегенде, жардам берер эч ким жок болор эле. Бир аялдын төрөт учурунда көз жумганын да билчүмүн. Өзүмдүн акемдин аялы дагы ушундай оорудан каза болгон. Ушуларды ойлоп, адамдарга пайда келтирген кесипти аркалайын деп, медициналык институтка кирдим.

**''Орус тилин билбей, кыйналган учурларым көп болду"**

1946-жылы медициналык окуу-жайга тапшырган кезде, дарыгер алгачкы жылдарда орус тилин билбей, кыйналганын айтат. Жогорку окуу жайда 200 студент баткан аудиторияда окуп жүргөн кезин ал мындайча эскерип олтурду: "Жашоомдогу кызыктуу көз ирмемдердин бири – медициналык окуу-жайда окуп жүргөн учур болду. 200 кишилик аудиторияда окулган лекцияларды түшүнчү эмеспиз. Себеби, орус тилин билчү эмеспиз. Көптөгөн досторум мындай жагдайга чыдабай, билимин улантыша алган жок. Мен болсо такыр моюн бербей орус тилин үйрөндүм".

**'Иса Ахунбаевге таасирленип, хирург болууну чечкенмин'**

1952-жылы 25 жашында тез жардам хирургия клиникасында ассистент катары иштеген М. Мамакеев таанымал кыргыз мамлекетинин ишмери жана доктор Иса Ахунбаевдин операция кылганын көргөндө хирург болуу кыялына арбалат. Медициналык институттун 3-курсунда окуп жатканда айтылуу

> **_Медициналык институттун 3-курсунда окуп жатканда айтылуу Иса Ахунбаевдин операция жасаганына күбө болот. «Ошондо улуу хирургдун жасаган операциясына ушунчалык таасирленип, хирург болууну чечтим»_**

Иса Ахунбаевдин операция жасаганына күбө болот. "Ошондо улуу хирургдун жасаган операциясына ушунчалык таасирленип, хирург болууну чечтим" дейт ал.

М. Мамакеев 5-курста устаттарынын бири Максим Ефимофич Фридмандан сабак алган. М.Фридман врачтык кесиптин түрдүү сырын жаш Мамакеевге үйрөтүп, тажрыйбасын бөлүшөт. Ошентип, жаш дарыгер устатынын изи менен медицина тармагында өз чыйырын салган врач катары гана болбостон, чоң окумуштуу, аты алыска тараган лапароскопия хирургу болот.

### Эң алгачкы операция

М. Мамакеев эң алгачкы операциясын 1954-жылы 27 жашында мугалими Максим Ефимович Фридмандын көзөмөлүнүн астында республикалык жугуштуу оорулар ооруканасында жасаган. Биринчи операциясын жасагандан кийин идеал туткан устаты шакиртинин колу абдан ийкемдүү, жеңил экендигин байкап, ага "сен тубаса хирургсуң" деп шыктандырат.

Ошентип, ал өзү айткандай, "адам өмүрүнүн чоң жоопкерчилигин талап кылган кесипке бүтүн өмүрүн арнап, иштеп калат. "Хирургдар абдан кылдаттык менен ойлонуп иш жасашы керек. Туура эмес диагноз коюу же болбосо дарылоо ыкмасы адамдын өмүрүнө коркунуч туудурат. Кээде операциялар абдан көп убакытка созулуп узап кетет", - дейт ал.

### Медицинага өмүрүн арнаган үй-бүлө

М. Мамакеев менен 65 жылдан бери бирге өмүр сүргөн жубайы Сонумкан Чекирбаеванын кесиби дагы - врач. Алардын Бакыт жана Канат аттуу уулдары атасынын жолун улашкан. Мамакеевдин тун уулу Бакыт медициныk илимдердин доктору. Кичүү уулу Канат болсо тез жардам хирургиялык борбору башкармалыгында эмгектенет. Ардактуу хирург дем алыш күндөрүн балдары, небере-чөбөрөлөрү менен чогуу өткөрөт.

М. Мамакеев врач катары дени сак жана узак жашоонун сырлары менен бөлүшүп, буларга токтолду: "Адам ичиндеги оюн сөзсүз айтышы керек. Ичинде катып алып капаланбай бетине түз айтуу туура болот. Күнүмдүк чуркоо, машыгуучу көнүгүү кылуу, велосипед тебүү жана активдүү жашоо образы адамдын жигердүү өмүр сүрүшүнө өбөлгө түзөт. Айрыкча, кылдаттык менен тамактануу – туура дени сак жашоо жана узак өмүр үчүн абдан маанилүү болуп саналат".

**Адам ичиндеги оюн сөзсүз айтышы керек. Ичинде катып алып капаланбай бетине түз айтуу туура болот. Күнүмдүк чуркоо, машыгуучу көнүгүү кылуу, велосипед тебүү жана активдүү жашоо образы адамдын жигердүү өмүр сүрүшүнө өбөлгө түзөт. Айрыкча, кылдаттык менен тамактануу – туура дени сак жашоо жана узак өмүр үчүн абдан маанилүү болуп саналат**

КАБАР & ДИЗАЙН:
АДЕЛЯ СЫДЫГАЛИЕВА









КАБАР & ДИЗАЙН:
АЗИМ ТОКТОБЕКОВ

# Жаздын кабарчысы: Айгүл гүлү

***Кыргызстандын аймагында 4 миңге жакын өсүмдүктөр бар. Алардын бири – дүйнө жүзүндө сейрек кездешкен Айгүл гүлү. Жаздын келиши менен гүлдөгөн Айгүл гүлү Баткендин тоолорунун этегинде өсөт. Кыш чыккан соң, жаратылыштын жандануусу менен Айгүл гүлү апрель айында 3 жумага чейин гүлдөйт. Бул мезгилде жалгыз гана Кыргызстандын жарандары эмес, "Айгүл гүлүнүн сулуулугун көрөм" деген көптөгөн чет өлкөлүктөр да Баткенге келишет. Чындыгында бүгүн Айгүл гүлү Баткендин символуна айланып калды десек да болот.***

### Айгүлдүн кулаган жеринде өсүп чыккан гүл

Латын тилинде Edward Petilium, түрк тилинде "ыйлаган келин" деп аталган Айгүл гүлүнүн Кыргызстанда кеңири айтылып келген уламышы төмөнкүчө: "Козулан деген баатыр чырайлуу Айгүл аттуу кызды сүйүп калат. Айгүл айылдагы байлардын биринин кызы болот. Айылдын тургундары бул сүйүүгө күмөн санашса да, Козулан Айгүлдүн атасына барып, кызынын колун сураганга эрдик кылат. Жаштардын эң бактылуу күнү, үйлөнүү-үлпөт тоюнда айылга душмандар кол салышат. Эр жүрөк Козулан душмандар менен салгылашуу учурунда көз жумат. Акыры душмандарды жеңген айылдыктар Козуландын жүрөгүн Айгүлгө алып келишет. Айгүл мындай кайгыны көтөрө албай, сүйгөнүнүн жүрөгүн алаканына салган боюнча бийик тоонун чокусунан жерге боюн таштайт. Кийин Айгүлдүн кулаган жерге көз жоосун алган гүл өсүп чыгат. Айылдыктар бул гүлдү "Айгүл" деп атап калышат".

### Тогуз жыл гүлдөп кулпурган Айгүл

Айгүл гүлү жөнөкөй гүл эмес, себеби жыл сайын башка гүлдөргө окшоп гүлдөй бербейт. Айгүл гүлү тигилгенден кийин 150 смге чейин жеткен гүлдүн сабагын 7 жыл өткөн соң гана көрүүгө мүмкүн. Ал эми, коңгуроого окшогон кызгылт гүлдөрү 9 жылдан кийин гана ачылат. Айгүл гүлүнүн жыты катуу болсо дагы, кооздугу менен өзүнө суктандырып келет.

### Айгүл гүлүнө коркунуч туудурган жагдай...

1978-жылдан бери бул сырдуу гүл жок болуп кетүү коркунучуна учураган жана совет мезгили учурунда корукка да алынган. Бирок буга карабастан, азыркы күндө Айгүл гүлү жок болуп кетүү коркунучунда турат. Айрыкча, Айгүл гүлүнүн күндөн-күнгө артып бараткан популярдуулугунан улам, ага кызыккандар көбөйгөнү кооптуулук жаратууда. Керемет гүлдү бир көрүү үчүн жыл сайын Баткендеги Айгүл тоого 1200гө жакын турист келет. Мындан улам, бир жагынан аймактын аты, даңкы чыгып жатса, экинчи жагынан, келген туристтер гүл өскөн өрөөндү таптап тебелеп, табиятты булгап, ал тургай Айгүл гүлүн тамыры менен жулуп кетип жаткандары ээнди кейитет.

### Айгүл гүлү Кызыл китепке киргизилген

Табияттын бул ажайып кооздугун келечек муундарга сактап калуу максатында Кыргызстан тарабынан көптөгөн иш-чаралар жүргүзүлүүдө. Биринчиден, тукум курут коркунучуна учураган жаныбарлар менен бирге жоголуп бараткан өсүмдүктөр да корукка алынып, Кызыл китепке киргизилип жатат. Айгүл гүлү кыргыз изилдөөчүлөрү тарабынан да иликтенип, көзөмөлдөнүп турат. Алсак, Кыргызстандын Улуттук илимдер академиясынын илимпоздору Айгүл гүлүнө изилдөө жүргүзүшүп, анын Баткен областынын Лейлек дарыясынын жээктеринде да өсөрүн табышкан.

### Зыян берген жазасыз калбайт

Айлана-чөйрөнү коргоо жана токой министрлиги тарабынан Айгүл тоонун 254 гектардык аймагы корукка алынды. Айрыкча, Айгүл гүлүнүн өсүп жаткан жерлер сакчылар тарабынан корголууда. Мында кам көрүүнүн натыйжасында мал жайып оттотуу токтолуп, гүл өскөн аймакты таптап-тебелетпөө аракеттери жүрүп келет. Учурда Айгүл гүлүнө зыян бергендерге 300 сомдон 1500 сомго чейин айып жазасы төлөнөт. Мындан тышкары, Айгүл гүлүнө маани берүү максатында Баткен областында жыл сайын 25-апрелде "Айгүл гүлү" күнү белгиленет.

КАБАР & ДИЗАЙН:
ДИАНА МАМАДЕМИНОВА



# Акыга ыйлаган кошокчулар

*Маркумду акыркы сапарына узатууда анын ийгиликтери, жакшылыктары, баатырдыгы жана жетишкендиктерин сыпаттап айтуу эзелки Түрк элдеринин салты. Аза күтүү ырым-жырымдарында кайгы-муңду чагылдырган кошок айтуу салты азыркы күндө да сакталууда. Бирок, азыркы учурда маркумдун жубайы, кыздары кошок айталбай калган учурлар арбып баратат. Бирок, кошоксуз маркумду акыркы сапарга узатуу мүмкүн эмес. Ошондуктан, заманга жараша акыга кошок айтып, кызмат кылган аялдар пайда болду. Тааныбаган каза болгон адамга кантип ыйлашат? Кошокчунун акысы канча турат? Бул суроолордун жообун табуу үчүн кесипкөй кошокчу Ш.Нга кайрылдык.*

**Кантип акыга кошок айтып калдыңыз?**

"Жаназаларда, тойлордо кошок айтуу биздин эзелки салттарыбыздын бири. Албетте, мурунку убакыттарда акысы төлөнчү эмес. Бирок кошокчуларга дайыма сый-урмат көрсөтүлгөн. Себеби кошок айтуу өзгөчө жөндөмдүүлүктү талап кылат. Адамдардын кайгы-муң же болбосо сүйүнүү сезимдерин кошокчулар көркөмдөп чагылдырып берет. Мен өзүм профессионалдуу актрисамын. Бирок негизги каражат тапкан булагым – кошок айтуу түзөт. 27 жылдан бери кошок айтып кызмат кылып келатам. Бирок азырынча тойлорго гана барам".

**Эмне себептен жаназаларга баруудан баш тарттыңыз?**

"Жаназаларга барбай калдым, себеби бул иш психологиялык жактан абдан оор иш. Бирөөлөрдүн кайгы-муңун, кошо тартышып ыйлоо чындыгында абдан эле кыйын. Бара-бара маркумга кошок айтуудан соң, психологиям жабыркай баштаганын байкадым. Жолдошум да буга кабатырлана турган болду. Ошондуктан азыр тойлорго гана барып калдым. Тойдогу адамдардын жакшылыгын бөлүшүү мага рахат тартуулайт".

**Канча саат иштейсиз? Канча акча табасыз?**

"Бир жаназада 4 саатка жакын кошок айтчумун. Бул үчүн 2 миңден 4 миң сомго чейин алчумун. Тойлордо жана кыз узатууларда болсо төлөмү көбүрөөк болот. Мисалы, кыз узатууда кызга арналган саптарды камтыган кошоктор үчүн 10 миң сомго чейин төлөнөт".

**Жумушка чыгуудан мурун кандай даярдыктарды көрөсүз?**

"Жумушка бараарда кийимиме гана кам көрчүмүн. Узун жана коюу түс көйнөк кийгенге аракет кылчумун. Мындан тышкары, жоолук салынганды да унутпоо керек. Кийимге тиешелүү кандайдыр бир эрежелер жок, бирок негизи маданиятыбызга, салтыбызга ылайык болушубуз керек. Ал эми, тойлорго баратканда андай өзгөчө даярдыктар деле талап кылынбайт".

> **"Бир жаназада 4 саатка жакын кошок айтчумун. Бул үчүн 2 миңден 4 миң сомго чейин алчумун. Тойлордо жана кыз узатууларда болсо төлөмү көбүрөөк болот. Мисалы, кыз узатууда кызга арналган саптарды камтыган кошоктор үчүн 10 миң сомго чейин төлөнөт**

**Элге 27 жылдык тажрыйбаңыз бар экенин айтасызбы? Кандайдыр реклама, жарыя бересизби?**

"Жок, андайым деле жок. Тааныштар көрүп калат деп рекламага бербейм. Бул кесипте иштегендердин деле саны аз деп ойлойм. Мен 3-4 эле кишини тааныйм. Бир жерге барып келгенден кийин, керек болгондо таныштар аркылуу эле мени таап алышат. Ошондуктан көбүнчө бири-бирин тааныган кичинекей айылдарда иштедим. Бишкек шаарында, албетте, анчалык талап болбойт. Мисалы, бул жердеги барган жаназалар саналуу эле".

**Жакындарыңыз бул кесибиңизге кандай көз караште?**

"Жакындарым бул кесибимди көп колдошпойт. Жолдошум ден-соолугум менен психологиям үчүн коопто берет. Балдарым да колдошпойт, себеби, чынын айтканда, акча үчүн ыйлаганымды кабыл ала алышпайт. Көпкө чейин бул кесиптен айнытууга аракет кылышкан".

**Тааныбаган бирөөгө кантип ыйлайсыз? Чындап эле ыйлайсызбы?**

"Балким, актриса болгонум бул ишти аткаруу мага жеңилдир. Бирок маркум мага бейтааныш болсо, көздөрүмдөн чындап эле жаш агат. Бирөөнүн каза болгону, негизи эле, кейиштүү да. Ошол атмосферада каалабасаң да ыйлагың келет. Жакынынан айрылган кайгы-муңга баткан кишилер таасир этпей койбойт. Кошок башталары менен баарыбыз ыйлап кирчүбүз".

**Сиздин оюңуз боюнча, адамдар эмне себептен акча үчүн кошок айттырышат?**

"Негизи, кошок айтуу абдан күчтүү психотерапия десек болот. Психологдорго барып, кайгыңызды бөлүшкөнүңүздү элестетиңиз. Жүрөгүңүздөгү күйүт, кайгы, куса, кубаныч, бакыт, баарын бирөөгө төгүп айтып берсеңиз, ичиңизде эч нерсе калбай калат. Адамдар өздөрүнүн кайгы-капалары же кубанычтарын айтуу үчүн керектүү сөздөрдү айта албай калганда кошокчуларга муктаждык пайда болот. Ошондо биз алардын сезимдерин чагылдырып беребиз. Бир жагынан кайгыга чөмүлүп турган адамдардын жүрөктөгү сөздөрүн айтып, экинчи жагынан маркумдун кандай адам болгондугун эскерип беребиз".

# Күчтүн символу: Аялдын эмгеги



*Чач тарач, шопур, дарыгер жана башка кесиптердин ээлери болгон айымдар үй-бүлөлүк бюджетине салым кошуш үчүн ар бир багытта иш алып барып келишет. "Манас" гезитинин бул санында Кыргызстандын түштүгүндөгү Жалал-Абад облусунун Базар-Коргон районуна караштуу Карача айылынын тургуну тандыр уста Карамат Токторалиеванын баяны жөнүндө кеп кылмакчыбыз.*

**КАБАР & ДИЗАЙН: ГУЛГҮНАЙ ИСМАИЛОВА**

Тандыр байыркы замандан бери нанга өзгөчө даам бергендиктен, азыркы күнгө чейин колдонулуп келет. Тандырдын жасалышы үчүн кара күч керек болгондуктан, аны эркектер гана жасашат. Ушундай ишти аял киши жасаганын укканыбызда, ал менен байланышып, бул өнөргө кантип аралашып калганы тууралуу баарлаштык.

**"Орто чарба үй-бүлөдө чоңойдум"**

Каарманыбыз К.Токторалиева техникалык орто мектепте 9-класска чейин билим алат. Турмушка чыгып, эки балалуу болот. Бирок көп өтпөй, өмүрлүк жарынан айрылып, эки баласы менен турмуштун оор сыноосунда калат. Ошентип, балдарын багыш үчүн жанын карч уруп жүрүп, тандыр жасаганды да өздөштүрөт.

Орто чарбалуу үй-бүлөдө өскөн К. Токторалиеванын чоң атасы менен атасы тандыр усталары болгон. Ошондуктан ал бул өнөргө кызыгып, иштеп калганын айтат. Алгач 2016-жылы тандыр жасоого киришет.

**"Тандырдын эң манилүү компоненти – топурак "**

"Тандырды жасоодон мурда биринчи иш топуракты туура тандап алыш керек, - дейт уста айым. – Тандыр үчүн топуракты тандоо маанилүү шарттардын бири. Анткени бардык эле топурактар тандыр жасаганга жарай бербейт. Мен тандыр жасаш үчүн Ош шаарындагы Түрк-Абад айылынан топурак сатып алам".

К. Токторалиева "Сапаттуу тандыр жасоо үчүн топуракты күрүчтүн саманы менен аралаштырыш керек. Бирок "пакал" аттуу бул аралашманын кылдат даярдалып, консистенциясын туура жөнгө салып алуу абзел дейт.

**Тандыр жасоодогу өзгөчөлүктөр**

Тандыр жасоо үчүн атайын талантка ээ болуунун кереги жок. Болгону топурагын туура аралаштыруу абдан маанилүү, анткени кыска убакытта тандыр иштен чыгып калышы мүмкүн.

Тандыр устасы өнөрүнө байланыштуу буларга токтолду: "Тандыр жасоо үчүн алынып келген топуракты жакшылап электен өткөрүп алуу керек. Кийин ал топуракка эчкинин жүнүн кошуп ылай жасайбыз. Даяр болгон ылайды бир күн коюп бышырып алуу керек. Анан тандырдын өлчөмүнө жараша айлана сызылат. Мындайча айтканда негизи. Даяр болгон ылайды 7-8 см калыңдыкта жайып, цилиндр формасында жасап алабыз. Даяр болгон цилиндрди сызып алган айланабызга алып келебиз. Бул тандырдын денеси. Тандырдын узундугу жана диаметри бирдей болуусу үчүн атайын таякча менен өлчөп туруу абзел. Айрым ичиндеги, тышындагы бириүүлөр, кемчиликтер ошол эле ылайдын жардамы менен тегизделип, бириктирилет. Даяр болгон форманы бир аз кургатып алуу кажет. Тандырдын бүт бөлүктөрүн бир убакытка жасоого болбойт. Анткени бул анын чөгүп кетишине алып келиши мүмкүн. Акырында тандырдын ооз бөлүгү жасалат. Бул бөлүк тандырдын көтөрүмдүү жана бат сынып калбоосу үчүн 7-8 см бир аз ичине карай жасалат. Ушинтип тандыр даяр болот".

**"Тандыр колдонулбаса, бат иштен чыгат"**

К. Токторалиева өзү жасаган тандарына эки жылдык кепилдик бере алат. "Кылдаттык менен даярдалган тандырга 2 жыл кепилдик бере алам. Көп убакытка кызмат кылышы үчүн дат басып тура бербей колдонуш керек. Тандыр көп жылдарга колдонулушу үчүн кургатылгандын кийин отто жакшы бышырылышы керек", - дейт уста.

**"Тандыр жасаганды мурас катары калтыргым келет"**

К. Токторалиева айым ар бир иштин өзүнө жараша кыйынчылыктары бар жана тандыр жасоодо көбүрөөк физикалык күч керек деп төмөндөгүлөргө токтолду. "Башында тандыр жасай аламбы деп тынчсызданган күндөрүм көп болду. Бирок акыры үйрөндүм. Балдарымдын жардамы менен тандыр жасай баштадым. Балдарыма тандыр жасаганды үйрөтүп, мурас катары калтыргым келет".


**"Жасаган тандырларын чет мамлекеттерге сатышат"**

К. Токторалиеванын тандырлары сапатына жана көлөмүнө жараша өзгөрүп турат. Тандырдын баасы орточо эсеп менен алганда 500-1000 сом (7-14 АКШ доллары) арасындагы баасы түзөт. Кээде атайын буйрутма менен жасалган тандырлардын баасы 9 миң сомго (130 АКШ доллары) чейин жетет. Токторалиева жасаган тандырларын ар кайсы облустарга жана чет мамлекеттерге сатат. Айрыкча, Казакстан менен Россиянын Москва, Саратов, Новосибирск сыяктуу шаарларында кызыккандар арбын.











# Кумурска кармоочулар

*Дүйнөдө кырк миңге жакын кесип бар. Адаттан тыш таң каларлык кесиптердин да түрү көп. Кумурска кармагандар дагы ошондой кесиптердин бири болуп саналат. Кумурска кармаган Александр Андропов «Манас» гезитине кесиби тууралуу маек куруп берди.*

КАБАР & ДИЗАЙН: АИЗА САГИНАЕВА



27 жаштагы А. Андропов Петербург шаарында жашаган ишкер. Эл кылбаган ишти аркалоону ойлонуп жүрүп, 2015-жылы кумурска кармаган биринчи адам болгон. Дүйнөдө сейрек кездешкен кумурскаларды Индиядан Россияга алып келип, ишин баштаган.

**"Россияда бул ишти биринчилерден болуп жасашым чоң мотивация болду"**

Андропов бардык кумурска түрлөрүн жана алардын жүрүм-турумун теориялык жактан үйрөнүп, анан иштей баштаган. "Балалык кезимден эле жаныбарлардын дүйнөсүнө кызыкчумун. Жаңы түрлөрдү табыш үчүн күндөп-түндөп изденчүмүн. Бул кесипке кызыга баштаганда экзотикалык кумурска түрлөрүн, айрыкча, белгисиз кумурска түрлөрүн тапкым келди. Россияда бул ишти биринчилерден болуп баштайм деп абдан толкунданып кириштим. Жаңы кумурска түрлөрүн табуу мен үчүн чоң мотивация болду. 2015-жылы бул кесип тууралуу ар түрдүү иликтөөлөрдү баштадым. 2017-жылы кумурсканын Harpegnathos Saltator түрүн табуу үчүн Индияга жол алдым.

**"Кумурска кармоо үчүн сабыр жана дыкаттык керек"**

Кумурска кармоо үчүн сабыр жана дыкаттык керек. А. Андропов кумурскаларды байкоо жана кармоо процессин мындайча түшүндүрдү: "Токойго барардан мурун чоң даярдык деле жок. Атайын форма деле кийбейм. Бирок жашыл түстүү кийимдеримди кийип, болушунча чөптөрдүн өңүнө окшоого аракет кылам. Жанымда ар дайым топурактын өңүнө окшогон сумка асынып алам. Токойдо бир канча күн жүрүшүм керек болгондуктан, бардык кем-каржымды толуктап алам. Кээде бир канча күн текке кеткен учурлар да болбой койбойт. Убаракерчиликке батып, эч натыйжасыз кайткан дагы күндөрүм болот."

**"Кумурскаларды багуу үчүн жаңы рецепттерди ойлоп табам"**

Кумурска кармоо үчүн кайсыл жерге бара турганыңды, эмне кыларыңдын бардыгын майда-чүйдөсүнөн бери билишиң керек. Убакыттын өтүшү менен тажрыйба топтойсуң, бирок андан мурун теориялык билимге ээ болушуң керек. А. Андропов бул тууралуу мындайча кеп кылды: "Кумурска кармаш үчүн аптада бир канча күн токойго барам. Сырттан караганда аз иштегендей көрүнгөнүм менен, үйдө да жаным тынбайт. Кумурскаларды багыш үчүн жаңы рецепттерди издейм. Жаңы түрлөрүн тапканга аракет кылам. Бардык түрлөр жөнүндө маалыматым болушу шарт".

**Кумурсканын уусу өлүмгө алпарышы мүмкүн**

Кумурскалардын түрүн жакшы билүү алар менен иштөө үчүн гана эмес, сактык үчүн да маанилүү. Кээ бир уулуу кумурска түрлөрү адам өмүрүнө коркунуч жаратат. А.Андропов бул жөнүндө өз тажрыйбасын төмөндөгүчө бөлүштү: "Кумурска тиштеген учурлар да болот. Ошондуктан, алардын түрлөрүн жакшы таанып алыш керек. Мисалы, кызыл жалын кумурскалар айрымдарды аллергиялык реакцияларга дуушар кылып, өлүмгө да себепкер болушу ыктымал. Мындай жагдайда аллергияңыз бар же жок болгону абдан маанилүү. Менин аллергиям жок, бирок ар дайым аллергияга каршы дары-дармектеримди жанымда алып жүрөм".

**40 миң сомдук Harpegnathos Saltator**

А. Андропов күндөр бою карманган кумурскаларын кантип жакшы суммадагы акчага айлантып алат. "Кармаган кумурскаларын жеке фирмага тапшырам. Алар өздөрүнүн кардарларына сатат. Кээ бири дары үчүн алса, кээ бири бак-дарактарды коргоо үчүн сатып алышат. Бул жумуштан тапкан акчам кумурсканын түрүнө жараша болот. Мисалы, Harpegnathos Saltator түрүнөн 40 миң рубль (40 миң сом) табам. Себеби, бул түр өтө сейрек кездешет. Келечекте жаңы кумурска түрүн табууну кыялданып жүрөм".

Дүйнөдө миңдеген кумурска түрү бар жана дагы миңдегени А.Андроповго окшогон кумурска кармагычтар тарабынан ачылат деген үмүттөр бар.

**Тарыхта кумурска кармоо кумурсканын уусунун медицинада колдонула баштаганына байланыштуу келип чыккан. Уларын колдонууга боло турган кумурскалар табылганда, аларды көбөйтүү үчүн атайын чарбалар курулган. Мындай чарбаларда кумурскаларды көбөйтүү менен бирге жүрүш-туруштарына байкоо жүргүзүлөт.**



# Сейрек кездешкен, бирок эмгек акысы көп кесип

***Биз бүгүн окурмандарыбызга баяндап бере турган кесип менен көбүнесе жапондор жана кореялыктар алектенишет. Бул кесиптин өзү да Ыраакы Чыгышта пайда болгон. Эл арасында сейрек учураган, ушундан болсо керек, эмгек акысы кымбат мындай кесип ээлеринин аткарган кызматы да кызык. Алар жумурткасынан жаңы жарылып чыккан жөжөлөрдүн жыныстыгын бир сааттын ичинде аныктап беришет***

**КАБАР & ДИЗАЙН: МҮГЕ ӨЗГАН**

Дүйнө жүзүндө эң кызык кесиптердин бири болгон жөжөлөрдүн жыныстыгын аныктоо адистиги десек болот. Бул кесипти кореялыктар 100 жыл мурун өздөштүрүшкөн экен. Мындай адистерге ири тоок фабрикаларында талап өтө чоң. Дүйнө жүзүндө мындай адистердин саны аябай аз. Бул адистиктин билим алуу жана ишмердүүлүгү тууралуу анкаралык жөжө жыныстыгын аныктоочусу Окан Кавлак айтып бермекчи.

**“Жашоомду өзгөрткөн жарыя”**

33 жаштагы Окан Анкаранын Калежик районунда туулган. Окан Түркиядагы бул кызык кесипти аркалагандардын бири. Атасы – соодагер, апасы – үй кожойкеси болгон Окандын бала кези эмгектенүү менен өткөн. Ал 15 жаштан баштап көптөгөн тармакта иштеп келген. “Өспүрүм чагымда көп иштеп, жоопкерчиликти мойнума алгам. Ал учурда атам мага күнүмдүк акча берчү эмес. Ошондон улам, өзүм акча табууга аракет кылып, эрте иштей баштагам. Кийин университетте банк ишин окугам, бирок бул адистикте иштеген жокмун. Азыркы адистигим боюнча эч кандай маалыматым жок болчу. Бир күнү Калежикте бул адистикке багытталган бир чоң фирма мэриянын колдоосу менен жөжөлөрдүн жыныстыгын аныктоо адистерин даярдоо тууралуу жарыялады. Андан мурун официанттан соодагерге чейин, автобус айдоочусунан мугалимге чейин ар түрдүү адистиктерде иштеп жүргөм. Бул жарыя менин жашоомду өзгөртөт деп эч ойлогон эмесмин”.

Ал мезгилде али жаш Окан бул жарыяны уккан соң, Калежикте жайгашкан асыл тукум өстүрүү фирмасында иштеп жаткан 6 кореялык жөжөлөрдүн жыныстыгын аныктоочусу менен таанышат. Бир топ убакыттан кийин Окан бул адистикти өздөштүрүп, бүгүнкү күндө Түркия, Израиль, Голландия, Беларусь жана Орусия мамлекеттеринде ишмердүүлүгүн көрсөтүүдө. Азыркы учурда болсо Венгрияга барып иштеп жатат.

**“Бул кесипти үйрөнүү жеңил эмес”**

“Фирмада эки жыл бою билим алдык. Бул адистикти өздөштүрөбүз деп келген 60 кишиден 4сү гана окуунун аягына чыгышты. Голландияда жана Түркияда жөжөлөрдүн жыныстыгын аныктоо боюнча билим алдым”, - дейт Окан.

Ири канаттуулар фабрикаларында жемди аз жеп, салмагы өтө чоң тооктор жана жумуртка чыгарган тооктор өндүрүлөт. Бул фабрикалар үчүн жөжөлөрдүн келечекте тоок болушунун мааниси өтө зор. Себеби, дүйнө жүзүндө тоок эти менен жумурткага болгон талап өсүүдө. Жумурткадан жаңы жарылып чыккан жөжөлөрдүн жыныстыгын аныкталгандан кийин гана жөжөлөрдү багуу жана аларга сарпталган чыгымдары да белгилүү болот.

Окан бул тармакта мыкты адис болуу үчүн кандай сапаттарга жана жөндөмдөргө ээ болуш керектигин айтып берди. “Негизинен бул адистер көбүнчө үстөлдө отуруп, жөжөлөрдү бир жагына топтоп алат. Ар бир жөжөнү бекем кармап, жыныстыгын аныктайт. Андан кийин эркек менен ургаачыларды өз өзүнчө бөлүп коет. Ошентип, эт үчүн багыла турган короздор жана жумуртка өндүрүшүндө багыла турган тооктор тейленет. Мыкты адис концентрациясы жогору, эптүү, көзү курч жана жаныбарларды сүйгөн адам болушу зарыл”.

**“Жаңылыштыкка жол берүүгө болбойт”**

Окан бул адистикте эмгектенип жаткандарга ката жасоого жол берилбегенин жана бул адистердин тооктун бардык тукумдарын мыкты билүү керектигин айтат. Бройлер жана жумуртка багытындагы тоокторду багууда колдонулган бардык ыкмалар бири-биринен айырмаланып турат, ошондуктан жыныстыкты аныктоо адисинин жаңылышуу пайызы 1ден ашпоосу керек. “Бир айлык маянабыз 32 миң Түрк лираны (5 500 доллардын тегереги) түзгөнү менен жумушубуз абдан кыйын. Анткени, 100 жөжөдөн 1 эле катага акыбыз бар. Ал эми жыныстык салмактуулуктун 48%да болуусу өтө маанилүү. Бул нерсе адистердин профессионалдуулук көрсөткүчү болуп эсептелинет. Себеби, кардарлар ургаачы жөжөлөргө көбүрөөк төлөп беришет. Демек, жаңылып кала турган болсок, кардарларга зыян келтирилип, фирманын да аброю төмөндөйт”, – деп түшүндүрдү Окан.

**“Биздин иш күнүбүз”**

Күнүнө 100 миң жөжөлөр менен иштеген чоң уюмдардын шарттары, албетте, бир кыйла жакшыраак, андан сырткары иштеген кызматкерлер да бири-бирин таанybайт дагы, ал тургай, салам бергенге да муктаждык жок. “Иш күнүбүз белгилүү планга ылайык өтөт. Бул план менеджер тарабынан электрондук почталар аркылуу жөнөтүлөт. Ар бир иш күндүн аягында жыйынтыктар эсептер менен коштолуп, отчет жасалат. Бир иш күнү аяктаган соң, эртеңки күндүн тартибин дароо биле алабыз. Себеби дегенде, бир жылдык календарыбыз түзүлгөн. Кайсыл күнү канча жумурткадан жөжө чыгаарын алдын ала билебиз. Ошого жараша кимдердин кирип иштээри менен кайсыл убакытта ишин бүтүрөөрү да белгилүү. Жөжөлөрдүн да породалары планга ылайык аныкталган. Иштей турган жерибизге барып, экөөлөп иштейбиз. Иш күнү бүтөөрү менен кабар берилет жана иштегендер үйлөрүнө кете беришет. 2 жылда бир жолу иштеген өлкөнү алмаштыруу укугубуз бар”, – дейт Окан.

**“Биздин кесип тууралуу көп биле беришпейт”**

Окан Түркияда тоок өндүрүш секторунда жыныс аныктоону жөжөлөрдүн жыныстыгын аныктоо адистиги деп туура эмес түшүнүшөт дейт: “Эки адистиктин максат жана ишке ашырылуу жактарынан маанилүү айырмачылыктары бар. Гендердик жыныс белгилөө – бул тоок жана жумуртка өндүрүшүндө иштеген кичи фабрикаларда 3 айдан кийин жумуртка тууй турган тоокторду же болбосо чакан эт сатуучу жайларда сатылган тоокторду жыныстыгын аныктоо болуп саналат”.

Түркияда жөжөлөрдүн жыныстыгын аныктоо кесиби өз алдынча кесип катары эмес, ишмерлердин кирешесин арттырууга салым кошкон кошумча иш катары гана каралып келет. Окан Кавлактын айтуусу боюнча, учурда Түркияда бул кесипти аркалагандардын саны 30 дун гана тегерегин түзөт.

# “Бир дүйнө” фестивалы: «Аяна» тасмасы – «эң мыкты фильм»




**КАБАР: MEDIAMANAS**

15-ноябрда «Бир Дүйнө - Кыргызстан-2019» даректүү тасмалардын XIII эл аралык фестивалы соңуна чыкты. Бул фестивалда коммуникация факультети байгелүү орунга, тагыраагы журналистика бөлүмүнүн студенти Айдана Топчубаеванын «Аяна» аттуу документалдык тасмасы «эң мыкты фильм» сыйлыгына ээ болду.

«Бир Дүйнө - Кыргызстан-2019» фестивалына АКШдан, Россиядан, Швейцариядан, Афганистандан, Австриядан, Финляндиядан, Сербиядан, Испаниядан, Түркиядан, Канададан, Польшадан, Грузиядан, Германиядан, Франциядан, Италиядан, Нидерландыдан, Япониядан жана Кыргызстандан 22 даректүү тасма катышты.

Эске салсак, быйылкы жылы “Бир Дүйнө” фестивалы Туруктуу өнүгүү максаттарына жана “Балдардын добуштары жана алардын бирдей катышуусу” чакырыгы алдында баланын укуктары боюнча БУУнун Конвенциясынын 30 жылдыгына арналды.


КАБАР: MEDIAMANAS

# Студенттер олимпиадада ийгиликке жетишти

КТМУнун гуманитардык факультетинин тарых бөлүмүнүн студенттери алгачкы жолу уюштурулган республикалык олимпиадада 1-орунга татыктуу болушту.

Үстүбүзөгү жылдын 19-ноябрында Кыргыз Республикасынын Президентинин «2019-жыл Региондорду өнүктүрүү жана өлкөнү санариптештирүү жылы» жарлыгына карата И.Арабаев атындагы КМУнун Э.Ж.Маанаев атындагы Тарых жана социалдык-укуктук билим берүү факультети Ата Мекендин жана Дүйнөнүн тарыхын окуунун стратегиялык баалуулуктарын жогорулатуу максатында уюштурган тарых багытында билим алып жатышкан студенттердин Олимпиадасы болуп өттү. Белгилей кетүүчү нерсе эгемендүү Кыргызстанда Тарых боюнча студенттердин Олимпиадасы алгачкы жолу өткөрүлдү.

Жыйынтыгында доц.м.а Зухра Алтымышова жетектеген тарых бөлүмүнүн студенттери: Асылкан Абдыкадыр кызы, Жанона Шамшиева, Шераалы Бекташов жана Исламидин Нурдинов 635 балл менен 1-орунга ээ болушту.

# «Үмүт» кино форумунан үч сыйлык



**КАБАР: MEDIAMANAS**

Кыргызстанда 6-8-ноябрь күндөрү КМШ өлкөлөрүнүн жаштары катышкан эл аралык VII «Үмүт» кино форуму болуп өттү. Бул жылы кинофестиваль белгилүү актёр Сүймөнкул Чокморовдун 80 жылдыгына арналды.

Бул фестиваль КМШ өлкөлөр арасындагы кино жана маданият тармагындагы диалог аркылуу таланттуу жаштарды колдоп, аларга шарт түзүүгө жана жаш муундарды маданий аралык алака аркылуу бириктирүү максатын көздөйт.

Аталган фестивалда КТМУнун коммуникация факультетинин студенттери байгелүү орундарга ээ болушту. Алар: улуттук категория боюнча Айдана Топчубаеванын «Аяна» фильми «Мыкты көркөм-документалдык кыска метраждуу тасма» номинациясын жеңип алды. Ошондой эле «Калыстардын атайын сыйлыгы» наамына Айназ Турдуматованын «Узак» фильми, ал эми Мустай Карим ассоциациясынын атайын сыйлыгына Адилет Бактыбековдун «Карачалы» аттуу кыска метраждуу тасмасы татыктуу болду.

Ал эми сынактын эл аралык бөлүгүндө мыкты тасма деп азербайжандык режиссёр Орхан Агазаденин «Отургучтар» фильми аталды.



## "Мүнөшкөр Атай "

Динара Куттубаева



## "Тумандагы чабан"

Мээрим Рахманова



## "Базардын балдары "

Акмарал Карабаева



• КТМУнун атынан гезит ээси
Ректор, проф. док. Себахаттин Балжы
Биринчи проректор, проф. док. Асылбек Кулмырзаев

• Башкы редактор
Проф. док. Хамза Чакыр

• Басма сөз координатору
Доц. док. Аслы Юрдигул

• Жооптуу редактор
Улук окутуучу, док. Гүлзада Станалиева

• Котормочулар
Кенже илимий кызматкер док. Топчугул Нармаматова
Кенже илимий кызматкер док. Венера Наринова

• Редакторлор
Кенже илимий кызматкер Бану Эрдоган Чакар
Кенже илимий кызматкер Зеки Окйай

• Дизайнер
Равшан Абдуллаев

• Дареги
КТМУ Коммуникация факультети, Жал студенттик кампусу, Бишкек
Тел: +996 312 492756/1164